*DOI:10.26104/NNTIK.2022.38.64.047*

***Мамбетакунов Э.***

# ТАБИЯТ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ

***Мамбетакунов Э.***

# ПРИРОДА И ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ

***E. Mambetakunov***

# NATURE AND AESTHETIC EDUCATION

*УДК: 37.013.77:005.963.1*

*Макалада табият, анын кооздугу жаштарды эстетикалык тарбия берүүнүн булагы катары каралат. Табигый дүйнөнүн эстетикалык мазмунун талдоонун натыйжасында табигый илимий предметтердин эстетикалык тарбияга тийгизген таасиринин закон ченемдери келтирилген. Мектепте жана кошумча таалим-тарбия берүүчү уюмдарда колдонууга арналган. Жаратылыштын кооздугун көрүү, сезип-туюу эстетикалык табитти толук калыптандыра албайт. Ал үчүн жаштардын таанып-билүүгө арналган аракеттеринин бардыгы орду-орду менен аткарылышы зарыл. Жаштардын табигый дүйнөнү, анын кубулуштарын, касиеттерин таанып-билүү аракеттерин система катары кароого болот. Жаштарга эстетикалык тарбия берүүнүн каражаты катары табиятты, анын кооздугун пайдалануу илимде жаңылык эмес. Бирок, биздин педагогикалык аймакта бул проблема атайын изилдөөгө алына элек. Ошондуктан биздин айта тургандарыбыз изденүүчүлөрдүн алдына жаңы проблеманы коюу, аны чечүүнүн болжолдуу жолун сунуштоо болуп эсептелет.*

***Негизги сөздөр:*** *табият, табияттын кооздугу, эстетика, кооздуктун педагогикасы, табият таануунун эстетикасы, искусство, талант, мекенчилдик.*

*В статье природа рассматривается как источник эстетического воспитания и образования человека. Проведен анализ эстетического содержания природного мира, использованы данные школьных предметов естественно научного цикла с целью эффективного проведения воспитательной работы в школьном и дополнительном образовнии. Видение и ощущение красоты природы не может полностью сформировать эстетический вкус. Для этого необходимо, чтобы вся познавательная деятельность молодежи осуществлялась на своем месте. Усилия молодых людей познавать мир природы, ее явления и свойства можно рассматривать как систему. Использование природы и ее красоты как средства эстетического воспитания молодежи не является чем-то новым в науке. Однако эта проблема специально не изучалась в нашей педагогической области. Поэтому мы должны поставить перед исследователями новую проблему и предложить предварительный способ ее решения.*

***Ключевые слова:*** *природа красота природы, эстетическое воспитание, педагогика красоты, эстетика естествознания, искусство, талант, патриотизм.*

*In the article, nature is considered as a source of aesthetic education and human education. The analysis of the aesthetic content of the natural world was carried out, the data of school subjects of the natural science cycle were used in order to effectively conduct educational work in school and additional education. Seeing and feeling the beauty of nature cannot fully shape the aesthetic taste. For that, it is necessary to perform all the cognitive activities of young people in their proper place. The efforts of young people to learn about the natural world, its phenomena and properties can be considered as a system. The use of nature and its beauty as a means of providing aesthetic education to young people is not new in science. However, this problem has not been specifically studied in our pedagogical area. Therefore, what we have to say is to put a new problem in front of researchers, to offer tentative way to solve it.*

***Key words:*** *nature, beauty of nature, aesthetic education, pedagogy of beauty, aesthetics of natural science, art, talent, patriotism.*

Оорулууну дарыгер дарылайт, бирок табият айыктырат (Гиппократ). Ким табиятты сүйбөсө, ал эч кимди сүйө албайт (Ф. Достоевский). Табияттын купуя сырларын түшүнгөн адамдын жан дүйнөсү таза болот (Э. Мамбетакунов).

Ушул убакка чейин жаштарга эстетикалык тарбия берүү маселесине атайын көңүл бөлүнүп, изилдөө предмети катары талданып келген. Жаштарды эстетикалык жактан тарбиялоо, аларды руханий-адеп-ахлактык жактан өнүктүрүү [1], эстетикалык табитин калыптандыруу, жан дүйнөдөгү болгон шыгын, талантын жандандыруу процессинде мектептик билим берүүгө караганда, кошумча таалим-тарбия берүүчү уюмдардын ролу жогору экендиги дайын болду. Айрыкча азыркы маалыматтык агымдын селдей каптап келе жаткан маалында жаш баланын жан дүйнөсүндөгү табигый уюткуга дал келген жаңылыкты таап, аларды бири-бири менен жуурулуштуруу өтө татаал проблема боюнча калууда.

Жаш бала жаңыдан төрөлгөндөн баштап улгайганга чейин жашоонун көптөгөн этаптарын басып өтөт. Жаштын ар кандай курагынын да өзүнчө аттары бар. Мисалы бала чак, өспүрүм курак, боз улан курак (бойго жеткен кыз), жигиттик курак (келин), киши (айым, аял), абышка (кемпир), аксакал (байбиче) ж.б. Баланын кыял жоругу, жүрүм туруму ата-энеси менен туугандык чөйрөнүн, табигый чөйрө менен социалдык чөйрөнүн таасиринде калыптанат. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген сөздүн мааниси мына ушуларга тиешелүү. Андан кийин балдар менен кыздар бала бакчаларда жана башталгыч мектепте тарбияланышат. Алардын үйдөгү таалим-тарбиясы бала бакчанын тарбиячысы жана башталгыч мектепте окуткан мугалиминин жасаган мамилесине жараша өнүгөт. Өспүрүм куракта жана жаштык мезгилде мурда калыптанган жүрүм-турумдук сапаттар өзгөрүлүшү мүмкүн.

Бирок негизги касиеттер бала чактагы боюнча калат, алар өсүп-өнүгөт жана бекемделет. Бул проблеманы көпчүлүк учурда өз аты менен атабастан кыздар менен балдардан курактык өзгөчөлүктөрүн окуган класстарынын саны менен сыпаттап калдык. Жаш бала, өспүрүм деп атабастан башталгыч мектептин окуучусу, негизги мектептин окуучусу же жогорку класстын окуучусу деп кайрылабыз. Алардын жетилүү деңгээлин мектептен алган формалдуу билимдери менен баалап, балалык менен өспүрүмдүк сапаттар, андан кийин кишичилик, адамгерчилик, инсандык касиеттер жөнүндө айта албайбыз. Акыры алар унутулуп да бара жатат. Булар жөнүндө «Кут билим» гезитинин 2021-жылдын 19-февралындагы санына «Киши, адам, инсан» деген темадагы макаламда жазган элем. Ал эми бул макалада балдарга эстетикалык тарбия берүүдө табияттын, анын кооздугу менен сулуулугунун мааниси жөнүндөгү ойлорумду ортого салып, бул проблеманы изилдөөгө арналган суроолорду койгум келди.

Эстетика гректин сөзү. Ал сулуулукту, кооздукту, назиктикти, көркөмдүктү сезип-туюу дегенди билгизет. Демек, эстетикалык тарбия дегенибиз баланы ушул касиеттерге ээ болууга жетелөө, сезимдерин ойготуу, эстетикалык табитин калыптандыруу болуп эсептелет. Эстетикалык тарбия жөнүндө сөз болгондо көпчүлүгүбүз искусствону биринчи орунга коёбуз. Бир жагынан бул да туура. Искусство – жаңы образды түзүү деген сөз. Бирок ал образдар кайдан алынат? Анын үлгүсү кайда жатат? Образдардын кооздугу, көркөмдүгү эмне менен салыштырылат? Мына ушулардын бардыгынын булагы табиятта, табигый жаратылышта жатат. Табигый нерселерге окшоштурулуп жасалма нерселер түзүлөт. Табигый кубулуштарга окшоштурулуп жасалма кубулуштар (музыка, живопись, скульптура, ар кандай образдар ж.б) жаралат. Демек эстетикалык дүйнөнүн булагы табигый жаратылыш, табияттын кооздугу. Кооздук – бул материалдык дүйнөнүн объективдүү касиети. Табигый жаратылыш адамдын колу менен жасалбаган, жандуу жана жансыз дүйнөнүн баары, баардык башталыштардын башталышы, кооздук менен назиктиктин, мээрим менен катаалдыктын булагы. Бирок жаратылыштын катаалдыгы мээримдин бузулушунан, чакчелекейликтин орун алышынан келип чыгат. Хаосту тартипке келтирүү катаалдыкты жоюунун жолу.

Жаратылыштын кооздугун көрүү, сезип-туюу эстетикалык табитти толук калыптандыра албайт. Ал үчүн жаштардын таанып-билүүгө арналган аракеттеринин бардыгы орду-орду менен аткарылышы зарыл. Жаштардын табигый дүйнөнү, анын кубулуштарын, касиеттерин таанып-билүү аракеттерин система катары кароого болот. Ал система аны төмөнкүдөй элементтерден турат: табияттын материалдык объектилерине жана кубулуштарына көңүл бөлүү; объектилерди жана кубулуштарды байкоо, сезип туюу; сезген маалыматтарды кабыл алуу; кабыл алынгандарды аңсезимде элестетүү; элестеткендер жөнүндө ой жүгүртүү, талдоо, салыштыруу, синтездөө; бир нерсени ойдо талдоонун натыйжасында ойду корутундулап, туура жыйынтыкка келүү; жыйынтыктын маңызын түшүнүү; түшүнүп, алгандарын жаңы билим алууга, өз жашоосунда, өндүрүштө жана эл чарбасынын башка тармактарында колдонууга көнүгүү; билимдерди колдонуп ийгиликке жетүүгө боло тургандыгына ишенүү; алган билимин жана күндөлүк тажрыйбасынын негизинде жаңы образдарды түзүүгө, чыгармачылык менен креативдик мүнөздө иштөөгө жетишүү. Адамдын мындай таанып-билүүчүлүк аракеттери табиятты өздөштүрүүгө, анын кооздугун өзүнүн күндөлүк ишмердүүлүгүндө колдонууга, башкача айтканда табият менен таттуу мамиледе болууга алып келет. Эстетикалык табити өнүгөт, өсөт. Дүйнөнү өзгөчө көз караш менен кабыл алып, фантазиясы күчөйт. Назиктиги менен мээримдүүлүгү артат. Башка адамдарга болгон мамилеси жаркын маанайда болуп, сүймөнчүлүгү даана байкалат. Болгонундай көрүнүп, көрүнгөнүндөй боло алат. Жасалмалуулук жоголот.

Жаштарга эстетикалык тарбия берүүнүн каражаты катары табиятты, анын кооздугун пайдалануу илимде жаңылык эмес. Бирок, биздин педагогикалык аймакта бул проблема атайын изилдөөгө алына элек. Ошондуктан биздин айта тургандарыбыз изденүүчүлөрдүн алдына жаңы проблеманы коюу, аны чечүүнүн болжолдуу жолун сунуштоо болуп эсептелет. Эми ушул маселелерге кыскача токтололу.

**1. Табияттын мазмунун илимий жактан ачып көрсөтүүнүн,** жаратылыштын кооздугун эстетикалык багытта элестетүүнүн башталышын жана өнүгүү **тарыхын иликтөөнүн эволюциялык жолун талдоо.** Бул процесс акылман Демокриттен (б.з.ч. VI к.) башталат. Ал табияттын сулуулугун материалдык бөлүкчөлөрдүн мейкиндиктеги өз ара ирээттүү жайгашкандыгынан көргөн. Дүйнөдөгү объектилердин элементтеринин белгилүү тартипте сакталып турушу, нерселердин айрым бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүнүн өз ара туура келүүчүлүгү, симметриясы, башкача айтканда бир нерсенин ар башка элементтеринин борбордук чекитке карата бирдей аралыкта жайланышы, өлчөмдөрү менен ар биринин ортосундагы аралыктын бирдейлиги жана башкалар кооздуктун маңыздуу белгилери болуп саналат. Бирок, бул айтылгандар Демокритке чейинкилерге же андан кийинкилерге деле анча белгилүү болгон эмес. Алардын айрымдары азыркы күндө да баардык эле кишилерге жеткиликтүү боло бербейт. Мисалы, карагайлардын бутактарынын жайланышы, ар кандай гүлдөрдүн желекчелеринин

баш аламан эмес бирдей орун алышы, ар кандай жаныбарлардын мүйүздөрүнүн өлчөмдөрү менен жайгашуу эрежесиндеги симметриялуулук, адамдын денесинин түзүлүшү баарыбызга белгилүү болгону менен ошол табияттагы ирээттүүлүк, башкача айтканда кооздук экендигине анча маани бербей, көнүмүш көрүнүш катары эле кабыл алына берет. Бирок аларды жаш балдарга, өспүрүмдөргө көрсөтүү, көңүлүн бөлдүрүү, маани-маңызын түшүндүрүү менен табияттын жашыруун сырларын ачуу аркылуу эстетикалык таалим-тарбия берип жатканыбызды сезүү эң олуттуу педагогикалык маселе. Анын чечилиши жогоруда белгилегендей Демокриттен башталып бүгүнкү күнгө чейин уланууда. Бул максатта Аристотелден, Лукреций Кардан, Ф. Энгельстен, В.И. Вернадскийден баштап кийинки табият таанууучу илимпоздордун эмгектерине сулуулук өңүтүнөн талдоо жүргүзүү, ошондой эле «Манас» баштаган кыргыз эпосторундагы табияттын сүрөттөлүшүнө көңүл бөлүү, Ч.Айтматов баштаган кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы жандуу жаратылыштын ар тараптуу касиеттеринин ачылышын үйрөнүү жаштарга эстетикалык тарбия берүүнүн методологиялык булагы болуп калары айдан ачык.

**2. Жаратылыштагы гармония.** Анын адамдын ден соолугуна жана бактылуу болушуна тийгизген таасирин изилдөө. Жаратылыштагы гармония жөнүндөгү илимий божомолдор жана алгачкы далилдер Гераклит менен Пифагордон башталат. Гармония грек сөзү. Ал дүйнөдөгү материалдык объектилердин бири-бирине ыңгайлашкандыгын, ар кандай аракеттердин ылайыкташкандыгын, чечимдердин макулдашылгандыгын, жаңы менен эскинин айкалышкандыгын, пикирлер менен аракеттердин бирдиктүүлүгүн көрсөтөт. Анткени гармония табияттын түзүлүшүнө жана жашоосуна, айрым адамдар менен жалпы коомдун өз ара мамилелерине, айрым адамдар менен коомдун табиятка болгон мамилесине таандык. Ошондуктан биз төмөнкү аныктамалардын тууралыгына эч күмөн санабастан ишендик: Ден соолук – бул адамдын организминин аны курчап турган табигый жана социалдык чөйрө менен болгон туруктуу тең салмактуулугу. Ал эми бакыт – бул адамдын өзү менен өзүнүн гармонияда болушу. Мында адамдын эстетикалык табити менен эстетикалык маданияты өзгөчө орунда турат. Ал эми эстетикалык маданияттын башаты табияттын түзүлүшүндө, анын объектилеринин ар түрдүүлүгүндө, кубулуштарынын законченемдеринде, жаратылыштын кол менен жасап алууга мүмкүн болбогон өзгөчө кооздугунда жатат. Булар дагы атайын изилдөөнү талап кыла турган табигый-философиялык-педагогикалык проблема болуп эсептелет.

**3. Табияттын кооздугунун педагогикасы.** «Бизди курчап турган улуу табият улуу ойлор менен улуу аракеттерди жаратууга түрткү берет» (Гёте). Тарбиялоо деген термин балдарды жакшы багыт жакка жандап жүрүү дегенди билгизсе, табият өзү, өзүнүн сүймөнчүлүгү жана сулуулугу менен балдарды кооздукка үндөп, алардын тубаса эстетикалык табитин пайда кылып турат. Табияттын педагогикасынын маани-маңызы мына ушунда. Тарбиячы-педагогдун милдети ошол кооздуктун, сулуулуктун көзгө көрүнбөгөн сырларын ачып берүүдө, аны жаш балдардын аңсезимине сиңирүүдө, жан дүйнөсүнүн чордонуна жеткидей жабыштырып бекитүүдө турат. Ал сулуулукту мугалим өзү өздөштүрүп, кан-жанына сиңирип алып, аны кайра кыздар менен балдардын сезимине жасалма эмес, өз жанынан жаралган белек катары берсе, ал процесстин натыйжасынын артарында шек жок.

Мындай таалим-тарбиялык процесс Жер жүзүндө адамдардын пайда болгон күнүнөн башталып, азыркы күнгө чейин эле уланып келет. Окутуу процессинин илимий негизин түзгөн Я.А.Коменский билим берүүнү табият менен толук ширелиштирүү керектигин белгилесе [2], улуу дидакт К.Д. Ушинский табият аркылуу балдарга эстетикалык тарбия берүүнү биринчи орунга койгон [3]. А.С. Макаренко [4] менен В.А. Сухомлинский [5] балдардын руханий-адеп-ахлактык сапаттары жаратылыштын кооздугу менен назиктигинен жаралып, андан ары эстетикалык маданиятка өтөрүн практикада далилдешкен. Теориянын практика менен байланышы аттуу педагогикалык принцип, ачык асман алдында сабак өтүү деген окуунун формалары пайда болгон. Жаратылышта экскурсияларды, мектептеги жандуу бурчтарды, ар кандай максаттагы өнөрканаларды уюштуруу да ушул максатты көздөгөн. Социалисттик эмгектин баатырлары Көкөбай Мамбеталиев менен Апыш Койчумановдордун педагогикалык табылгалары дал ушул багытта жүргүзүлүп, жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Мындай илимий жетишкендиктерди, практикалык ийгиликтерди талдап, азыркы учурдун талабына жараша ар кандай формадагы сунуштарды табуу, аларды жаңы маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардын жардамы менен практикага киргизүү педагогдордун жана изилдөөчү-методисттердин бирден бир ыйык милдети. Албетте, бул маселени изилдөө окумуштуулардын табигый илимий жактан жана методологиялык жактан жогорку даярдыкты талап кылат.

**4. Табият жөнүндө таалим-тарбия берүүнүн эстетикасы. Экология менен эстетиканын байланышы.**

Табият жөнүндөгү маалыматты бала төрөлгөндөн баштап эле ала баштайт. Анын табияты өзүнүн энеси. «Мен дүйнөнү энем менен тааныгам» деген дагы адилет чындык. Баланын жарык дүйнөгө келиши, жаңы дүйнө чөлкөмүнө адаптацияланышы энесинин

аракети жана анын энелик мээрими менен тыгыз байланышта. Андан кийинки баланын өмүр жолу атасы жана туугандык чөйрөнүн таасиринде өтөт. Ошондуктан баланын төрөлүшү жана өнүгүшү ата-энесинин, чоң ата – чоң энесинин, таята - таенесинин, бир тууганадарынын жасаган мамилесине жараша болот. Андан кийин баланын калыптанышына табигый чөйрө, башкача айтканда үй-жайы, бак-шагы, агын суусу, айыл аймагы же шаардын микрочөйрөсү таасир эте баштайт. Ошол себептен айылда өскөн бала менен шаарда өскөн баланын, бийик тоолуу аймакта өскөн бала менен түз талаалуу аймакта өскөн баланын табиятты кабыл алышы жана табиятка болгон көз карашы ар түрдүү болушу мүмкүн. Андан кийин балдардын табиятка болгон мамилеси мектепте табият жөнүндөгү алган билимдерине жараша өзгөрөт жана өнүгөт.

Кыргызстан өзүнүн мамлекеттик эгемендигине ээ болгонго чейин башталгыч мектепте «Жаратылыш таануу» деген окуу предмети окутулуучу. Эгемендиктин шарданы менен биздин башталгыч мектептерге «Мекен таануу» деген окуу предмети киргизилди. Балдар өз айылы, өз мектеби, районунун жаратылышы жөнүндө маалымат алсын деген жакшы тилек менен киргизилген предмет табият жөнүндө толук кандуу маалымат бере албай, адеп же адабий окуу деген предметтердин мазмунунан ары узай алган жок. Азыр бул предметти мурдагыдай эле табият менен түздөн түз байланыштыруу маселеси коюлууда.

Табияттын материалдык объектилери менен кубулуштары жөнүндөгү алгачкы илимий билимдерди берүү максатында 5-класска «Табият таануу» предмети 1997-жылдан баштап киргизилген. Ал жогорку класстарда физикалык география, биология, физика, химия, астрономия предметтерин ийгиликтүү өздөштүрүп кетүүгө түздөн түз таасирин тийгизүүчү өбөлгө болуп эсептелет. Биз бул жерде билим берүүнүн табигый илимий областынын мазмуну жөнүндө эмес, табиятты окуп үйрөнүүдө окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруу, табигый кооздуктун адамдын инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө кошо турган салымы жөнүндө айткыбыз келди.

6-класстын география предмети Жер шарынын түзүлүшү, материктер менен океандар жөнүндө маалымат берет. Анын программалык мазмунун окутуу менен катар Жер шарындагы түздүктөр менен тоолордун ажайып кооздугу, материктердин табиятындагы окшоштуктар менен өзгөчөлүктөр, Жер бетиндеги океандардын кармалып турушу жөнүндөгү кереметтер жаш балдардын табияттын ушунчалык татаалдыгы менен жөнөкөйлүгүн салыштырып кароого үйрөтөт. Алардын бири-бири менен болгон себептик-натыйжалык байланыштары табияттын бирдиктүүлүгүн, бири-бирине көз каранды экендигин даңазалайт жана ошонун өзү табияттын кереметтүү касиеттерин аңдап сезүүгө жардам берет. Ал өз учурунда балдардын айлана чөйрөгө өзгөчө көңүл буруу, байкоо жүргүзүү, жалпылап жыйынтыктоо сыяктуу таанып-билүү аракеттерин активдештирип, эстетикалык табитин жаратууга өбөлгө болот.

Мектептин биология предмети негизги үч бөлүмдөн турат: өсүмдүктөр жаныбарлар жана киши. Булардын мазмуну окуучулардын жандуу жаратылыш жөнүндөгү жалпы жана атайын предметтик компетенцияларын калыптандыруу менен катар окуучулардын өсүмдүктөр, жаныбарлар жана кишилердин табигый түзүлүшүндөгү симметриялуулук, окшоштук, ар бир элементтин физиологиялык милдеттеринин бир тектүүлүгү жөнүндөгү билимдерди берет. Жандуу жаратылыштын кооздугу, сулуулугу, бирибирине баш ийүүчүлүгү аркылуу кишилердин кызыгуусун, түшүнүүсүн, акыры келип сүйүүсүн, аёсун пайда кылат. Ушунун өзү кишилердин эстетикалык маданияты менен экологиялык маданиятын калыптандырып, аларды бири-бири менен айкалыштырат.

Физика жана химия предмети жаштарга жансыз жаратылыштын материалдык объектилеринин түзүлүшү, заттардын сакталышы жана айланышы, физикалык жана химиялык кубулуштардын жүрүшү, алардын натыйжасындагы ар кандай өзгөрүүлөр, энергиянын алынышы жана колдонулушу, ошолордун баардыгынын коомдун социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасири жөнүндө билим берет. Натыйжада окуучулардын дүйнөгө болгон илимий көз карашы калыптанат. Материалдык объектилердин жаратылышына, алардын өзгөрүүлөрүнүн кызыктуулугуна, сулуулугуна таң калуу сезими жаралып, аны түшүнүүнүн натыйжасында жаратылыш менен таттуу мамиледе болуу зарылдыгы келип чыгат. Жаратылышты сүйүү сезими пайда болот. Сүйүү сулуулук менен кубаттуу болгон сыяктуу эле, сулуулук сүйүү менен бекемделет [sic: баркттуу]. Ошондуктан ушул предметтерди окутканда табигый кубулуштардын эрежесин кургак жаттатууга эмес, окуучулардын материалдарды эмоционалдуу мүнөздө кабыл алуусун жаратууга, эстетикалык жана экологиялык аң-сезимин ойготууга аракет жасоо азыркы педагогдордун милдети болууга тийиш.

Астрономия предмети Ааламдын материалдык объектилеринин курамы, түзүлүшү, асман кубулуштары жөнүндөгү илим. Канча кылымдар бою асмандагы жылдыздардын бир калыпта тургандыгы, өз ара кыймылдарынын туруктуулугу, планеталардын орун алмашпагандыгы – бул өзүнчө эле бир керемет. Ошол кереметти биз педагогдор жаш балдардын аң-сезимине жеткире алдыкпы? Алар ошону сезип кызыктыбы? Кеплердин законун жатка айтып, формуласын жазып бергени менен, ошол закондун маанисин түшүндүбү, анын кооздугуна суктандыбы? Кеп мына ушунда

экенине түшүнөлү урматтуу педагогдор. Жаратылыштын кооздугун сезбей туруп, башка кооздуктарды жаратуу татаал экендиги акыйкат чындык. Эстетикалык тарбияларынын маани-маңызы мына ушул жерде жатат го? Биз таланттуу деп атаган жазуучу-акындар, көркөм сүрөтчүлөр, композитор-музыканттар, скульпторлор жана башка өнөр ээлери биринчи маалыматты, элести табияттан алары белгилүү. Анткени музыка да, көркөм сүрөт да, жазуучунун чыгармасы да табият менен, табияттын бир бөлүгү болгон адам менен байланышта. Эгер адам шар аккан суунун үнүн, жамгырдын төккөнүн, чагылгандын чартылдаганын, күндүн күркүрөгөнүн, шамалдан бадалдын жалбырактарынын шуудураганын укпаса, жүрөгү менен сезбесе музыка жарата алат беле? Художник пейзаж тарта алат беле? Шедевр адабий чыгармалар жазылат беле? Менимче жок. Ошондуктан балдарды табияттын сырларын сезүүгө, түшүнүүгө жана сүйүүгө үйрөтөлү. Алар келечектеги искусствону жаратуучулар болоруна ишенели.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандык рухий, адеп-ахлактык жөнүндө» жарлыгы. - Бишкек, 29.01. 2021. - 4-б.
2. Коменский Я.А. Избранные сочинения. - М.: Просвещение, 1972. -342 с.
3. Ушинский К.Д. О нравственном элементе в русском русском воспитание Собрание соч. - Т.2. - М., 1974. - 445 с.
4. Макаренко А. С. О воспитании. - М., 1983. - 160 с.
5. Сухомлинский В.А. Избранные произведения в пяти томах. Т.3. Сердце отдаю детям. - Киев, 1980. - 719 с.
6. Ибраева Г. Эстетическое воспитание - очень значительное воспитание. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 6. С. 247-248.
7. Аблабекова Ж.К. Эстетическое воспитание учащихся - важная задача начальной школы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 2. С. 199-201.